БЕКИТЕМИН
Мектеп директору
________ Абдыразакова А.А
“ 8 ” ________ 2022 жыл.

**Дене тарбия   мугалими**

**1.Кызматтык милдеттери:**

- “Дене тарбиялоо ” окуу курсу  боюнча окутуу жана класстан тышкары сабактарын пландаштырып, жогорку илимий –тажрыйбалык жана усулдук деңгээлде уюштурат;
- Окуучулардын жетишкендиктерин жана сабакка катышууларын эсепке алат;
- Окуучулардын   дене  тарбиялоо иштеринин үзүрлүү тариздерин, усулдарын жана каражаттарын сунуштап, киргизет;
- Окуучулардын окуусун бүткүчө ден- соолуктарынын абалын жана туура өсүшүн көзөмөл жүргүзөт;
- Спорт аркылуу ден- соолукту чыңдоо жана дене- тарбия иш- чараларын өткөрүп, окуучулардын каникул убагында спорт аркылуу ден- соолуктарын  чыңдоо лагеринин ишин уюштурат;
- Спорттук имараттардын абалын жана пайдаланышын, спорттук инвентарларды жана куралдарды сактоону жана туура колдонууну , спорттук мүлктүн сатып алууга бөлүнгөн финасылык каражаттарын сарамжалдуу колдонууну;
- Дене –тарбиялоо сабагынын мугалимдеринин дасыктарын жогорулатуу боюнча иштерин уюштуруп, коомдук дене- тарбиялоочу кадрларын даярдоону жүргүзөт;
- Кабыл алынган тариздеги отчетторду түзөт.

**2.Билиш керек:**

- Кыргыз Республикасынын   Конституциясынын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикаларын;
- Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” жана “Мугалимдин статусу жөнүндө” Мыйзамдарын жана окуучуларды  аскерге чейинки  жана атуулдук тарбиялоо боюнча ченемдик- укуктук документтерин;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин;
- Окуучулардын дене тарбияланышы боюнча ченемдик укуктук документтерди;
- Окуучулардын дене – тарбиялоосун өтүүнүн тариздерин жана усулдарын;
- Педагогиканын жана психологиянын негиздерин;
- Мектептик - отчеттук документацияны толтуруунун таризин жана тартибин;
- Техникалык коопсуздуктун жана өрткө каршы сактануунун , окуучулардын жашоосун жана ден- соолугун коргоонун эрежелерин.

**3.Дасыктык талаптар:**

Орто педагогикалык жана жогорку педагогикалык  билими же атайын билими, иштеген стажысына талап коюлбайт.

Кызматтык милдетим менен тааныштым: